| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО КЕНЕША |

**Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын кезектеги XIV сессиясы**

7-сентябрь 2023-жыл — Уч-Коргон айылы

**Уч-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Калтак айылында жайгашкан 5,42 га жер аянты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.02.2013-жыл №64 сандуу КРнын Баткен облусунун Кадамжай районунун чек арага жакын жайгашкан айыл чарба багытындагы жер категориясынан калктуу конуштор категориясына которуу жөнүндөгү токтомунун негизинде, калктуу конуштар жерлери категориясына которулган жер жөнүндө**

## ТОКТОМ № 14/1

Уч-Коргон айылдык кеңешинин V чакырылыш кезексиз XVII сессиясынын 19.05.2015-жыл №17/2токтомуна таянып, Уч-Коргон айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Уч-Коргон айыл Уч-Коргон айылдык кеңешинин V чакырылыш кезексиз XVII сессиясынын 19.05.2015-жыл №17/2токтому менен Уч-Коргон айыл аймагынын тургундарынын турак жай болуштуруп берүүдa сугат жер участокторунун өлчөмү 0,07 га дан деп, бекитилгендиги негиз Калтак айылындагы 5,42 га жер аянтына жер участокторунун аянтын 0,07 га дан белгиленсин.

2. Калтак айылындагы 5,42 га жер аянтынан мурда бөлүнүп берилген жер участоктордун аянты жарандарды ыраазылыгы менен мыйзам чегинде 0,07 га дан белгиленсин.

3. Уч-Коргон айыл аймагынын Калтак айылынан айыл өкмөтүнүн тургундарына турак уй куруу үчүн жер участокторун болуп берүү жөнүндөгү токтомдорду тактоо Уч-Коргон айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

4. Калтак айылындагы элдик пункттар категориясына бөлүнгөн жер аянты жаңы жасалган генералдык план негизинде, мыйзам чегинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.06.2005-жыл №177 токтому менен

бекитилген Жобо негизинде болуштуруу айыл өкмөтү алдындагы турак жай болуштуруу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн Калтак айылындагы 5,42 га жер аянтына кайрадан ген план даярдоо үчүн акча каражатын мыйзам чегинде атайын эсепке которуу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин айыл чарба жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Уч-Коргон айыл кенешинин төрагасы:** **Б.Юрсунов**